**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| ____________ Ж.Ж.Усубалиева | ____________ К.О.Омурова |
| "5" 09 2025 г. | "5" 09 2025 г. |

# «ФИЛОСОФИЯ» ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоонун багыты**: 710300 «Колдонмо информатика багыты»

**Даярдоонун профили:** Экономикадагы колдонмо информатика

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

"Философия" дисциплинасынын жумушчу программасы КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 буйругу менен бекитилген 710300 «Колдонмо информатика» багыты боюнча бакалаврдын ЖКББнүн МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

Жумушчу программаны түзгөн:
филос.и.к., доцент________________ С.С.Иманалиев
окутуучу___________________________Р.А.Айыпказиева

**"Маалыматтык технологиялар»** *кафедрасынын* «____» ___________

2025 жылдын №_______ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент________________ У.Ү.Бейшеналиева

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент __________ У.Ү.Бейшеналиева

**Агрардык-ьехникуалык факультетинин** «____» _____________ 2025

жылдын №_______ протоколу менен жактырылды.

Декан,
п.и.к, профессордун м.а. __________________ А.К.Макеев

**1.Дисциплинанын аннотациясы:**

Дисциплина негизги кесиптик окуу программасынын базалык бөлүгүнө кирет. Окуу планындагы дисциплинын коду**:**

**Кыскача мазмуну**:
Философиянын предмети, негизги маселеси функциялары, методологиялык маанилери жөнүндөгү илимдер системасындагы алган ордун көрсөтүү. Дүйнөгө көз караш жана анын коомдук тарыхый мүнөзүн жана дүйнөгө философиялык көз караштты калыптандырууга көмөктөшүү.
Дисциплинанын көлөмү жана жалпы эмгек сыйымдуулугу кредит (зачеттук бирдик), академиялык саттардын саны, студенттер менен окутуучунун ортосундагы байланыш, өз алдынча иштери жана окутуунун баардык формалары төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

**2.Дисциплинанын жалпы көлөмү**

| Цикл | Сем. | Кредит | Баардык саттар | Аудиториялык саттар | | | Өз алдынча иштөө | Жыйынтык текшерүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | лек. | прак. | лаб. | | |
| Б. | 1 | 4 | 134 | 32 | 32 | - | 72 | экзамен |

Окуу дисциплинанын жумушчу программасы студенттерин билимине жана билгичтигине минималдуу талаптар коюлат, андан тышкары окуу сабактарынын түрлөрүн жана мазмунун аныктайт. Бул дисциплинадан студенттер андан ары кесипттик билимин улантууга, өздөштүрүүгө өбөлгө түзүлөт.

**2.1Дисциплинанын окутуунун максаты**;
философиялык ой жүгүртүүнүн пайда болушунун социалдык-экономикалык, маданий-тарыхый өбөлгөлөрүнүн белгилеринин ошондой эле философиянын тарыхын ар түрдүү тарыхый мезгилдерге байланыштыруу менен студенттердин адамзаттык баалуу мурастарды үйрөнүүгө жана аларды өнүктүрүүгө үйрөтүү.

. **2.1.1.Дисциплинанын окутуунун милдети;**
-курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдердин жалпы системасы менен таанышат;
- дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана дүйнө картинасын;
-дүйнөгө көз-караштардын системасын, адамдын табияттагы жана социумдагы ордун жана ролун түшүнөт;
- коомдук жана маданий баалуулуктарга багыт алууга жөндөмдүү боло алышат.

**2.1.2.Дисциплинанын пререквизиттери:**

| **Калыптандырылган компетенциянын коду** | **Калыптандырылган компетенциянын мазмуну** |
|---|---|
| Жалпы предметтик компетенция (ЖИК-3) | билим берүүнүн натыйжаларын долборлоого, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого, кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык/табигый/социалдык-гуманитардык илимдердин базалык жоболорун пайдалана билүүгө жөндөмдүү |

**3. Негизги билим берүү программасындагы дисциплинанын орду.**

1. "Философия» боюнча жумушчу программа МББС 710300 «Колдонмо информатика» багыты боюнча бакалаврларды даярдоодогу негизги билим берүү программасы болуп саналат. Дисциплина негизги кесипттик билим берүү программасынын базалык бөлүгүнө кирет.

2. Дисциплинаны окуу планынын базалык бөлүгүнө тиешелүү экендиги окуу жайдын миссиясына, региондун талабына ылайык аныкталат.

3. Дисцплинаны өздөштүрүү менен студент өзүнө керектүү төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болот:

| **Код** | **Дисциплинанын аталышы** | **Семестр** | **Кредиттин көлөмү** | **Компетенциянын коду** |
|---|---|---|---|---|
| Б.1. | Философия | 1 | 4 | ЖИК-1, СИЖМК-2. |

**4. Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийинки пландалган окутуунун жыйынтыгы.**

710300 «Колдонмо информатика» багыты боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык, жалпы илимий: курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдердин жалпы системасы менен таанышат, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана дүйнө картинасын, дүйнөгө көз-караштардын системасын, адамдын табияттагы жана социумдагы ордун жана ролун түшүнөт, коомдук жана маданий баалуулуктарга багыт алууга жөндөмдүү (ЖИК-1); социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК) коомдогу калыптанып калган этикалык жана укуктук ченемдердин негизинде, маданий ар түрдүүлүктөр менен жөнгө салынган коомдо, адамдарга сый-урмат менен мамиле кылууга, социалдык жактан тең мүмкүнчүлүктөгү байланышты түзүүгө жөндөмдүү (СИЖМК-2)компетенцияларына ээ болууга тийиш.

**Студенттердин билимине жана жөндөмдүүлүктөрүнө коюлуучу талаптар**

Дүйнөнү түшүнүүнүн жана калыптанган тарыхый типтеринин (миф, дин, философия) изилдөө методологиясынын өздөштүрүүнү калыптандыруу.

Философияны окуп үйрөнүүдө анын изилдөө жана илимий түрдүү методологиясын өздөштүрүү. Студенттердин философиянын өнүгүү этаптары менен таанымдын негизги концепциялары менен кеңири тааныштыруу.

Дүйнөнү философиялык түшүндүрүүдө бытие, материя категориялардын жана алардын формалары менен обьективдъъ реалдуулуктарга философиялык ыраттуу ой жъгъртъънън методологиясын калыптандыруу.

Коом адам турмушунун социалдык жолу коомдогу материалдуулук жана идеалдуулук, алардын изилдөөдөгү методологиялык маанисин түшүндүрүү.

## 4.1 Калыптанган компетенциялар

"Философия" дисцплинасынан калыптанган компетенциялар төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

## 4.2.Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийинки жыйынтык.

Студент дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин төмөндөгүдөй жыйынтыкка жөндөмдүү:

| Код | Компетенциянын мазмуну | Компетенциялардын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| ЖИК-1 | курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдердин жалпы системасы менен таанышат, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана дүйнө картинасын, дүйнөгө көз-караштардын системасын, адамдын табияттагы жана социумдагы ордун жана ролун түшүнөт, коомдук жана маданий баалуулуктарга | Билет: | ▪ дүйнөнүн табигый-илимдик сүрөтүнүн негизги мүнөздөмөлөрүн, адамдын жаратылыштагы орду менен ролун;<br>▪ дөөлөттүк багыт алуулардын, жарандык жана мекенчилдик ынанымдардын түзүүчүлөрүнүн бири катары элдик педагогиканы, ошондой эле откөндүн негизги дөөлөттүк жана дүйнөкөрүмдүк элестетүүлөрүн; |
| | | Колдоно билет: | ▪ окутуу процессин гуманисттик педагогиканын заманбап дидактикалык принциптери менен дөөлөттөрүнүн негизинде курууну. |
| | | Ээ болот: | дүйнөнүн табигый-илимдик сүрөтүнүн мүнөздөмөсүнүн негизги түшүнүктөрүнө, адамдын жаратылыштагы орду менен ролун андоого; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | багыт алууга жөндөмдүү | | |
| СИЖМК-2 | социалдык-инсандык жана жалпы маданий коомдогу калыптанып калган этикалык жана укуктук ченемдердин негизинде, маданий ар түрдүүлүктөр менен жөнгө салынган коомдо, адамдарга сый-урмат менен мамиле кылууга, социалдык жактан тең мүмкүнчүлүктөгү байланышты түзүүгө жөндөмдүү | Билет: | • маданият аралык коммуникациянын маңызы жана формалары жөнүндө;<br>• башка лингвомаданияттардын алып жүрүүчүлөрү менен баарлашуунун ар кыл формаларын; |
| | | Колдоно билет: | • билим берүү процесси үчүн инсанга багытталган билим берүүнүн принциптерине (саламаттыкты сактоочу, маданий көп түрдүүлүк, инклюзия ж.б.) ылайык оптималдуу шарттарды түзүүнү;<br>• кесиптик ишмердүүлүктө жана бир тууган чөйрөдө коммуникациянын ар кыл ыктарын колдонууну;<br>• көп маданияттуу чөйрөдө аракеттенүүнү жана көп маданияттуу окутуу менен тарбиялоо принциптерин ишке ашырууну. |
| | | Ээ болот: | • маалыматты маданият аралык өз ара аракеттешүүнүн ченемдери менен кабыл алуу жана талдоо жөндөмдүүлүгүнө;<br>• тилдин алып жүрүүчүлөрү менен улуттук-маданий өзгөчөлүктөргө ылайык кептик жана кептик эмес (вербалдык жана вербалдык эмес) баарлашууну жүзөгө ашырууга жол берүүчү көндүмдөр менен билгичтиктерге;<br>• маданияттардын диалогунун контекстинде баарлашуу көндүмдөрүнө; |

## Курстун аягында күтүлүүчү натыйжалар

- Дүйнөгө болгон көз караштардын тарыхый типтерин аңдап, аларды салыштырып талдап, философиялык көз караш менен баамдап, өз пикири жаралып, жалпы теориялык жана практикалык жактан заманбап билимдерге ээ болот;
- Студенттерде философиялык жалпы билимдер калыптанат;

- жаратылыш, коом жана аң-сезим жөнүндөгү маселелерди философиялык билим менен чечүүгө үйрөнөт;
- дүйнөнү диалектикалык жана баштапкы методдордун жардамында таанып билүүсү бышыкталат;
- дискуссия жүргүзүүдө шыгы өнүгөт;
- башкалардын ойлоруна толлеранттуулук менен мамиле жасоого үйрөнөт;
- адамдардын жашоосунун маанисин, маңызын жана адамдын дүйнөдөгү алган ордун, алдыга умтуулусун түшүнүүгө болгон кызыгуулары пайда болот;
- акыйкаттын маңызын жана ага жетүүнүн жолдорун анализдөөсү ж.б. көндүмдөр калыптанат;

### 5. Дисциплинанын мазмуну жана түзүлүшү.

**5.1. Дисциплинанын структурасы**

**Дисциплинанын көлөмү жана окуу иштеринин түрү.**

| **Окуу иштеринин түрү** | **сааттын көлөмү** |
|---|---|
| Окуу жүктөмү(бардыгы) | 134 |
| Аудиториялык жүктөм( бардыгы) | |
| анын ичинен: | |
| лекция | 32 |
| практикалык | 32 |
| лабораториялык | |
| Студентин өз алдынча иштери (бардыгы) | 70 |
| Жыйынтык текшерүү: экзамен. | |

### 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну
### Дисциплинанын мазмуну жана тематикалык план

**"Философия" предметинен лекциялык сабактардын календарлык-тематикалык планы**

| **№** | **Лекциялардын темалары** | **Сааты** | **Күнү** |
|---|---|---|---|
| | **1-модуль** | | |
| 1. | Философиянын предмети жана анын өзгөчөлүктөрү | 2 | 1-жума |
| 2 | Философиянын өнүгүшүнүн тарыхый мезгилдери<br>Байыркы чыгыш философиясы | 2 | 2-жума |
| 3 | Антикалык философия | 2 | 3-жума |
| 4 | Орто кылымдагы Батыш жана Күн ~~Чыгыш~~ философиясы | 2 | 4-жума |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Кайра жаралуу доорунун философиясы<br>Жаңы мезгилдин философиясы | 2 | 5-жума |
| 6 | Классикалык немец философиясы | 2 | 6-жума |
| 7 | Марксисттик философия | 2 | 7-жума |
| 8 | Борбордук Азиянын жергиликтүү элдеринин коомдук-философиялык ойлому | 2 | 8-жума |
| | **2-модуль** | | |
| 9 | Болмуш | 2 | 9-жума |
| 10 | Материя | 2 | 10-жума |
| 11 | Табият философиянын изилдөөнүн обьектиси | 2 | 11-жума |
| 12 | Аң-сезим | 4 | 12-жума |
| 13 | Тааным | 2 | 13-жума |
| 14 | Диалектика | 4 | 14-жума |
| 15 | Коом | 2 | 15-жума |
| 16 | Социалдык прогноздоо жана азыркы глобалдык проблемалар | 2 | 16-жума |
| | **Бардыгы:** | **32** | |

### "Философия" предметинен семинардык сабактардын календарлык-тематикалык планы

| № | Семинарлардын темалары | Сааты | Күнү |
|---|---|---|---|
| | **1-модуль** | | |
| 1. | Философия жана дүйнөгө көз караш | 2 | 1-жума |
| 2 | Байыркы грек жана рим философиясы | 2 | 2-жума |
| 3 | Орто кылымдагы араб-түрк философиясы | 2 | 3-жума |
| 4 | Кайра жаралуу доорундагы философия | 2 | 4-жума |
| 5 | XVII-XVIII-кылымдагы илимий революция жана философия | 2 | 5-жума |
| 6 | Марксисттик философиянын пайда болушу жана өнүгүшү | 2 | 6-жума |
| 7 | XX-кылымдардагы классикалык эмес философиянын калыптанышы | 2 | 7-жума |
| 8 | Кыргыздардын философиялык түшүнүмдөрү | 2 | 8-жума |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | **2-модуль** | | |
| 9 | Дүйнөнү философиялык түшүнүү: болмуш, материя баштапкы түшүнүктөр катары | 2 | 9-жума |
| 10 | Табият | 2 | 10-жума |
| 11 | Тажрыйба адамдын дүйнөгө мамиле жасоосунун өзгөчө ыкмасы | 2 | 11-жума |
| 12 | Философиядагы аң-сезим проблемасы | 2 | 12-жума |
| 13 | Тааным | 2 | 13-жума |
| 14 | Диалектиканын негизги закондору жана алардын методологиялык мааниси | 2 | 14-жума |
| 15 | Диалектиканын негизги категориялары жана алардын методологиялык мааниси | 2 | 15-жума |
| 16 | Коом адам болмушунун дүйнөсү | 2 | 16-жума |
| | Бардыгы: | **32** | |

**"Философия" курсунан студенттерге СӨАИ үчүн берилүүчү темалар:**

1. Мифология жана дин дүйнөгө көз-караштын тарыхый типтери.
2. Философия руханий маданияттын системасында.
3. Философиянын рационалдуулугу.
4. Философиянын обьектиси жана функциясы.
5. Философия жана философиялаштыруу.
6. Философия жана дүйнөгө көз караш.
7. Философтор жана дилетанттар.
8. Философиялаштыруу жана скептицизм.
9. Философиялык чыгармачылык
10. Абстрактуулук жана конкреттүүлүк.
11. Философия жана акыйкат
12. Философия жана турмуш.
13. Байыркы Индиядагы философия
14. Байыркы Кытайдагы философия
15. Демокриттин атомисттик теориясы
16. Платон жана Аристотель грек философиясынын системалаштыруучулар

17. 18-кылымдагы француз материалисттеринин окууларындагы табият, коом жана адам проблемалары.

18. И.Канттын философиялык позициялары.

19. Гегелдин философиялык методу.

20. Кыргыз философиясынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү. Анын негизги булактары.

21. Ф.Энгельс табияттын диалектикалык өнүгүшү жөнүндө

22. Марксисттик философиянын өнүгүшүнүн лениндик этабы.

23. Философия жана илим

24. Философия жана экология

25. Философия жана философиялык ой жүгүртүү

26. Философиянын искусстводон, динден жана коомдук психологиядан айырмаланышы.

27. Коомдук прогресс жана философиянын келечеги.

28. Методдор жана философиянын ички түзүлүшү: софистика, метафизика, диалектика.

29. Философемалардан тарыхтын адистештирилген философиясына өтүү жолдору.

30. XX-кылымдагы марксисттик эмес философия

31. Экзистенциализмдин маңызы жана келип чыгуу өбөлгөлөрү

32. Неопозитивизмдин социалдык окуусу.

33. Философиялык иррационализмдин спецификасы

34. Борбордук Азиянын туруктуу элдеринин философиясы жана анын курамдык бөлүктөрү

3 5. Кыргыз философиясындагы дүйнө жана адам проблемалары

35. Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгындагы диалектикалык көз-караштар.

36. Кыргыз кесиптик философиясынын пайда болушу, өнүгүшүнүн тарыхый мезгилдери.

37. «Өзгөртүлгөн » табияттын өнүгүү тенденциясы.

38. Тажрыйба (практика) обьективдүүлүк менен субьективдүүлүктүн биримдиги.

39. Практика менен теориянын байланышы.

40. Практиканын дүйнөнү таанып билүүдөгү ролу.

41. Чагылуунун табияты. Чагылтуу материянын бардык түрүнө таандык жалпы касиет.

42. Чагылуунун формаларынын өнүгүшү. Материалдуулук жана идеалдуулук.

43. Сезимдик таанып билүү жана анын формалары.

44. Түшүнүк рационалдык ойломдун негизги формасы.

45. Теория илимий билимдин жогорку формасы.

46. Социалдык таанып билуунун спецификасы.

47. Карама-каршы жактардын биримдиги диалектиканын «ядросу»

48. Табияттагы жана коомдогу карама-каршылыктардын өзгөчөлүгү

49. Сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү законунун методологиялык мааниси.

50. Себептүүлүк принцибинин илимий таанып билүүдөгү ролу.

51. Диалектика илимий таанып билүүнүн логикасы жана методологиясы.

52. Коомду материалисттик түшүнүү

53. Коомдук аң-сезимдин деңгээлдери

# 6.БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Философия» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен лекция, практикалык иштер басымдуу колдонулат. Лекция жана практиканын негизги милдети – студенттерге философия предметинин байыркы мезгилден тартып, орто кылымдагы философиянын өнүгүшүнүн Кайра жаралуу доорундагы философиянын, Жаны мезгилдеги философияны, Немец классикалык философияны, Марксисттик философияны жана XX

кылымдагы философияны, Кыргыз философиясынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана негизги өкүлдөрүн жана алардын философиянын өнүгүшүнө кошкон салымдарын окуу материалдарынын негизинде сапаттуу билим берүү. Практикалык иштерде студенттер философиялык проблемаларынын спецификасын таанып билүүгө активдүү чыгармачыл ой жүгүртүүгө, илимге болгон кызыгуусун арттыруу жана өз алдынча билимин өнүктүрүүгө багыттоо жана аларга ылайык көнүгүүлөрдү жүргүзүүнү биле алышат.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүүнүн усулдары

Практикалык сабактарды өтүү лекцияда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Интерактивдүү усулдар билимди актуалдаштырууга, алынган жана маалыматка кызыкчылыктарына багытталган.

**Билим берүүнү алга умтулуу усулу;**

Негизги терминдер – дисциплинага байланышкан философиялык терминдерди, кошуп сүйлөгөндү үйрөнүүнүн түрү.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

Кластер – идеяларды ыргытуу, ойлорду чогултуу жана белгилөө аркылуу ишке ашырылат.

Мээге чабуул – чыгармачыл активдүүлүккө жана натыйжалуулукка дем берүүчү усул. Бир нерсени тез эске түшүрүү жана чечүү ыкмасы.

**Жаңы маалыматы ойлонууга түрткү берген усул;**

Кызыктуу лекция – студентердин жана окутуучунун окуу жана илимий маалыматын үстүнөн ой жүгүртүүсү. Окутуучу маалыматы берип жатканда, студенттер маалымат менен бири бири менен өз ара пикирлешүүсүүчүн атайын тыныгуу талап кылынган интерактивдүү лекция.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

**Студенттин ой жүгүртүүсүнө түрткү берген интерактивдүү усул;**

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Түрдүү булактар боюнча баяндама – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

**РЕФЕРАТ-** ар бир студент өзүнө бөлүнгөн тема боюнча жазылган кыска илимий эмгек. Илимий стилди калыптоодо чоң мааниге ээ, тактыгы, маалыматтарынын арбындыгы, тилинин жеткиликтүүлүгү менен айырмаланууга тийиш. Рефераттa илимий маалымат гана камтылбастан, референттин (реферат жазган автордун) темага карата мамилеси

чагылдырылып баасы берилет. Реферат референттин өз сөзүнөн турат, анда айрым зарыл деп эсептелген учурларда гана шилтемелер колдонулат жана ал кайдан алынганы (китептин автору, аты, чыккан жери, жылы, бети) көрсөтүлөт. Илимий иштин бул жөнөкөй түрүн ар кандай композициялык планда түзсө болот. Адатта реферат төмөнкүдөй ыратта түзүлөт:

-**кириш бөлүмү**-рефераттын темасы, ал тема боюнча жазылган тарыхый булактар жана илимий эмгектер жөнүндө кыска маалымат ж.б.

-**рефераттын негизги бөлүгү**-тема боюнча кыскача, бирок жеткиликтүү илимий маалымат берүү, баяндалган маалыматтарга карата, анын мааниси тууралуу жыйынтыктар, жалпылоолор жасоо.

Реферата илимий талдоо берүүгө, тарыхый булактардан, илимий эмгектерден көбүрөөк пайдаланууга аракеттенъ керек, ошондой эле ал илимий изилдөөнүн алгачкы усулу болот. Көлөмү 12-20 бет болсо жетиштүү. Жогорудагы темалар боюнча реферат жазууда жогоруда берилген адабияттарды колдонуп, тарыхый жана илимий булактарга көбүрөөк көңүл бөлүнөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

**550300 –** Филология багытын окутуунун талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттары түзүлгөн (1-тиркеме).Ага 1-2-модулдун суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн тест кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук, тесттик текшерүү

жүзөгө ашырылат.Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жоопторусалттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "канааттандырарлык эмес" – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (экзамен) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "начар" – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (экзаменден) бошотулат.

| **Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр)** | **Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары** |
|---|---|
| Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент билүүгө тийиш:<br>--философиянын предметин, негизги маселесин жана функцияларын, илимдер системасындагы алган ордун көрсөтүүгө;<br>-адамдын жана коомдун турмушундагы философиянын ролун түшүнүү;<br>- философиянын тарыхый типтерине анализ берүү, анын ичинен философиялык багыттардын, окуулардын, агымдардын концепциялардын жана мектептердин өзгөчөлүктөрүн аныктоо;<br>- бытиенин негизги суроолоруна изилдөө жүргүзүү;<br>- дүйнөнүн өнүгүүсү жөнүндөгү теориялык теорияларды үйрөнүү;<br>- коомдун өнүгүшү жана калыптануусу жөнүндөгү негизги<br>суроолорго анализ жүргүзүү; | Лекциялык жана практикалык сабактар үчүн дептерди текшерүү жана баалоо.<br>Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки сурамжылоолор аркылуу билимдерди баалоо.<br>Даярдалган билеттер боюнча оозеки формада модулдук текшерүү, тест жана арадагы аттестация (экзамен) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо. |

| | |
|---|---|
| - адамдын өмүрү, өлүмү, жашоосунун манызы жонундөгү маселелерге изилдөө жүргүзүү.<br>-курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдердин жалпы системасы менен таанышат;<br>-дүйнөгө көз-караштардын системасын, адамдын табияттагы жана социумдагы ордун жана ролун түшүнөт; | |

## Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу экзамендеги жоопторун баалоо

| Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) басы | | Билимдерге коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| Упайлар менен | Салттуу баалоо | |
| 86 - 100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең өздөштүрсө, аны толук, ыраттуу, так баяндаса, теорияны практикага тыгыз байланыштыра билсе, билимдерин тапшырмаларды, суроолорду ж.б. аткарууда эркин колдонсо, тапшырманын түрүн өзгөрткөн учурда жооп берүүдөн кыйналбаса, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 76 - 85 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны мазмундуу баяндаса, практикалык, лабораториялык менен тапшырмаларды чечүүдө теориялык жоболорду туура колдонсо, аларды аткаруунун зарыл көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 60 - 75 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал негизги материалдын гана билимдерин билсе, бирок анын деталдарын өздөштүрбөсө, так эместиктерге, анчалык туура эмес аныктамаларга жол берсе, практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыктарга кабылса. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

| | | |
|---|---|---|
| 0 - 59 | 2 – «начар» | «Начар» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын чон бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишенчсиз, чоң кыйынчылыктар менен аткарса коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

**Студенттин өз алдынча ишин баалоо**

| Студенттин өз алдынча ишининбасы | | Өз алдынча иштин аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 86-100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган өз алдынча ишинин мазмуну темага толук ылайык келсе, ырааттуу баяндалса, фактылык каталар болбосо, сөздүгүнүн байлыгы, сөздөрдү так пайдалануусу менен айырмаланса, тексттен 1же 2 грамматикалык ката кетсе, слайд жазоодо, реферат жазууда сапатуулугу мааниси эн жогору болсо коюлат. |
| 76-85 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган өз алдынча ишинин, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, 2же 3 грамматикалык ката кетсе слайд жазоодо, реферат жазууда мааниси жакшы болсо коюлат |
| 60-75 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал темадан аткарган өз алдынча ишинин мазмуну өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, 4 грамматикалык ката кетсе, реферат жазууда слайд жазоодо маанисиз сүрөттөр коюлса коюлат. |
| 0-59 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, эгер ал темадан аткарган өз алдынча ишинин мазмуну өтө олуттуу четтөө болсо, слайд жазоодо, реферат жазууда маанисиз жазалса, грамматикалык каталар көп кездешсе коюлат. |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда ( лекциялык же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (лекциянын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган лекциянын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган

практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨАИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана экзаменге киргизилбейт. (отроботка тапшыруулары керек).

## 10. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, доска, маркер, бор ж.б.каражаттар.

## 11.СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Аалиева Г. К., Аалиева Н. К., Аалиева Ш. К. Философиянын тарыхы. Философия тарыхы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек: КМУУ, 2002.
2. Аристотель. Сочинения в 4-х томах. - М, 1975.
3. Алексеев П. В., Панин А. В. Философия: Учебник для вузов. — М.: Теис. 1996.
4. Антология мировой философии: В 4-х томах. - Т. 1-3. 1969.
5. Бектанова А., Ботоканова Г.. Сыдыков Б., Эдилова М. История философии (Краткий лекционный курс). - Бишкек. 2002
6. Введение в философию: В 2-х частях. - М.. 1990.
7. Гегель Г. В. Ф. Вступительная речь к курсу лекций // Политические произведения. М.: Наука. 1978.
8. Гегель Г. В. Ф. Наука логики: В 3-х томах. - М.. 1970.
9. Гегель Г.В.Ф. Сочинения. - М., 1932-1959.
10. Гегель Г. В. Ф. Энциклопедия философских наук. - М., 1974-1977.
11. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях великих философов. — М.: Мысль, 1986.
12. Ленин В.И. Философские тетради. - М., 1965.
13. Лосев А.Ф. Дерзание духа. - М.: Мысль, 1988.
14. Макаров М.Г. Развитие понятий и предмета философии в истории ее учений. ЛГУ.1982.
15. Маркс К., Энгельс Ф.Соч.-Т. 21.
16. Мир философии. Книга для чтения: В 2-х ч. - М., 1983
17. Мифы народов мира: В 2-х томах. - Т. 1-2. - М.. 1982.
18. Мифологический словарь. - М.: Советская энциклопедия, 1991.
19. Немировская Л.З. Философия: Курс лекций. - М.. 1995.

20. Радугин А.А. Философия. Курс лекций. - М.: Центр. 1996.
21. Рассел Б. История западной философии. - М., 1959. Современная западноевропейская философия. Словарь. - М.. 1990.
22. Философия: Учебное пособие для вузое / Под ред. В.Н. Лавриненко. В.П.. Ратникова. -М.: Культура и спорт, 1998.
23. Философия. Учебник / Под ред. ПрофюЛ. А. Никитич. - М: Юнити. 2000.
24. Философия в структурно-логических схемах. Учебное пособие / Под ред. Грядового Д. И. -М.. 1997.
25. Философскии словарь. - М.. 1983.
26. Философский энциклопедический словарь. - М., 1959.
27. Шлегель Ф. Эстетика. Философия. Критика: В 2-х т. ~ Т.2. - М, 1985.
28. Я познаю мир. Детская энциклопедия. Фшософия. М.. 1999.
29. В. А. Канке Философия. Учебник для вузов. М.: 1996.
30. В. А. Асмус История античной философии. М.: 1985.
31. А. Н. Чанышев Курс лекций по древней и средневековой философии. М.: 1991.
32. История философии кратком изложении М.:1991.
33. К. Маркс. Тандалган чыгармалары М.: 1989.
34. Э. Фромм. Душа человека М.: 1993.
35. Самосознание Европейской культуры XX века М.: 1991.
36. А. Ч. Какеев. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы Б: 1995.
37. Ф. Энгельс. Табият диалектикасы Ф.: Кыргызстан 1991.
38. М. Жумагулов. Понятие «связь» Б.: 1991.
39. В. С. Барулин. Социальная философия М.: 1993.
40. В. Ф. Сержантов. Человек, его природа и смысл бытия. М.: 1990.
41. Э. В. Ильенков. Философия и культура М: 1992.
42. А. Тойнби. Постижение истории. М.: 1991.
43. С. Гудожник Глобальные проблемы современности и общественный прогресс. Ф.: 1990.
44. Т. А. Абдылдаев, О. А. Тогузаков. Философский анализ проблемы предвидения. Ф.: 1994.